«Сом – Кыргызстандын жүзү»
Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган балдар жана жаштар арасында республикалык чыгармачылык сынагын өткөрүү

**ТАРТИБИ**

## 1. **Жалпы жоболор**

1.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгын белгилөөнүн алкагында балдар жана жаштар арасында «Сом – Кыргызстандын жүзү» республикалык сынагын (мындан ары – сынак) өткөрөт.

1.2. Бул Тартип төмөнкү категориялар боюнча сынак өткөрүүнүн мөөнөттөрүн жана тартибин жөнгө салат:

- 7-11 жаш – эң мыкты сүрөт/кол өнөрчүлүк;
- 12-15 жаш – эң мыкты эссе.
- 16-20 жаш – эң мыкты видеоролик/ репортаж.

1.3. Сынакты өткөрүү жөнүндө маалымат жана анын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) расмий сайтында www.nbkr.kg жана Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жарыяланат.

1.4. Сынакка даярдалган эмгектер берилген тематика боюнча сүрөттөр/кол өнөрчүлүк, эссе жана видеороликтер/репортаждар түрүндө берилет.

1.5. Сынактын максаттары:

- балдардын жана жаштардын улуттук валютага карата аяр мамилесин жогорулатуу;
- финансылык сабаттуулук маселелерине балдардын жана жаштардын көңүлүн буруу;
- жаштардын чыгармачылык активдүүлүгүнө дем берүү, Улуттук банктын ишине карата коомчулуктун маалымдар болушун жакшыртууга жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүү.

1.6. Сынак эмгектеринин темалары:

- «Сом – Кыргызстандын жүзү» / «Сом – лицо Кыргызстана».
- «Каражатыңды планда, өз келечегиңе кам көр» / «Планируй свои деньги, позаботься о своем будущем».
- «Кыялдар канат байлаганда» / «Когда мечты становятся возможностью».

1.7. Сынактын номинациялары:

- эң мыкты сүрөт/кол өнөрчүлүк;
- эң мыкты эссе;
- эң мыкты видеоролик/репортаж.

## 2. Сынакты өткөрүүнүн тартиби жана шарттары

2.1. Сынак төмөнкү категориялар жана мөөнөттөр боюнча өткөрүлөт:

| № | Сынактын аталышы | Өткөрүү мөөнөтү | Акыркы тапшыруу күнү |
|---|---|---|---|
| 1 | Эң мыкты сүрөт/ кол өнөрчүлүк | 2023-жылдын 1-мартынан 1-апрелине чейин | 2023-жылдын 1-апрелинде саат 17:00дөн кечиктирбестен |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Эң мыкты эссе | 2023-жылдын 1-сентябрынан 1-октябрына чейин | 2023-жылдын 1-октябрында саат 17:00дөн кечиктирбестен |
| 3 | Эң мыкты видеоролик/репортаж | 2023-жылдын 1-октябрынан 1-ноябрынан чейин | 2023-жылдын 1-ноябрында саат 17:00дөн кечиктирбестен |

2.2. Сынак иштерин тандоо этап боюнча жүргүзүлөт.

I этап. Добуш берүү менен комментарий калтырып эң популярдуу 30 чыгарма аныкталат. Пикир калтыруу үчүн төмөнкү шилтемени колдонуу керек: https://drive.google.com/drive/folders/1qXLss7AvYpNF0A5eJMXVuL38XfZyycY3?usp=share_link.

II этап. Добуш берүү күнү:
- сүрөт/кол өнөрчүлүк сынагы – 2023-жылдын 4-апрелинен 9-апрели;
- эссе сынагы – 2023-жылдын 3-октябрынан 8-октябры;
- видеоролик/репортаж сынагы – 2023-жылдын 3-ноябрынан 8-ноябры.

III этап. Сынактын жеңүүчүлөрүн көз карандысыз комиссия тарабынан аныктоо:
- сүрөт/кол өнөрчүлүк сынагы – 2023-жылдын18-апрели;
- эссе сынагы – 2023-жылдын 17-октябры;
- видеоролик/репортаж сынагы – 2023-жылдын 21-ноябры.

IV этап. Жеңүүчүлөрдү жарыялоо:
- сүрөт/кол өнөрчүлүк сынагы - 2023-жылдын 10-майы;
- эссе сынагы - 2023-жылдын 24-октябры;
- видеоролик/репортаж сынагы - 2023-жылдын 25-ноябры.

2.3. Бир автор бир гана материал тапшыра алат.

## 3. Сынакка материалдарды берүүнүн тартиби

3.1. Сынакка катышуу үчүн талапкерлер төмөнкү формада онлайн-билдирмени толтурушу керек: https://forms.форма (мындан ары - google-форма) жана сынакка тапшырыла турган эмгекти төмөнкү тартипте жайгаштыруу/жөнөтүү зарыл:

3.2. Сүрөт/кол өнөрчүлүк түрүндөгү сынак эмгектерди (скан-документ/сүрөт) - Улуттук банктын тармактык ресурсуна эмгектерди жайгаштырган Улуттук банктын кызматкерлеринин электрондук почтасына жөнөтүү керек:
- Ысык-Көл областы – nmakeshov@nbkr.kg;
- Ош областы - eismanov@nbkr.kg;
- Нарын областы - aryskulova@nbkr.kg;
- Жалал-Абад областы - uaskarbekov@nbkr.kg;
- Талас областы skokoev@nbkr.kg;
- Баткен областы - nsaparova@nbkr.kg;
- Чүй областы жана Бишкек шаары - dtokmambetova@nbkr.kg

3.2.1. Сүрөттөр JPEG, PNG форматында берилет. Сүрөттүн көлөмү 1 Мб, сүрөттүн туурасы 2000 px ашпашы керек. Сүрөттөрдүн скан-версиялары интернет галереясына https://finsabat.kg/ жайгаштырылат.

3.2.2. Эссе Word форматында, көлөмү 3 беттен ашпаган, Times New Roman 14 шрифтинде 1,5 интервал менен Улуттук банктын тармактык ресурсуна эмгектерди жайгаштырган Улуттук банктын кызматкерлеринин электрондук почтасына берилет:

- Ысык-Көл областы – nmakeshov@nbkr.kg;
- Ош областы - eismanov@nbkr.kg;
- Нарын областы - aryskulova@nbkr.kg;
- Жалал-Абад областы - uaskarbekov@nbkr.kg;
- Талас областы - skokoev@nbkr.kg;
- Баткен областы - nsaparova@nbkr.kg;
- Чүй областы жана Бишкек шаары - dtokmambetova@nbkr.kg

3.2.3. Узактыгы 1,5 мүнөткө чейин созулган, кайсы болбосун техникада даярдалган видеоролик/репортаж форматындагы сынак эмгектерин катышуучу Instagram жана/же Tiktok жеке тармагына жайгаштырат. ВидеоФайлга кол коюуда #karajattoptoo2023 хэштеги көрсөтүү зарыл. Онлайн-билдирмеде (google-форма) сынакка тапшырылган эмгек жарыяланган интернет-ресурска түз линк көрсөтүү же жүктөп алуу мүмкүнчүлүгү бар обочо сактоо жайына түз линк көрсөтүү зарыл.

## 4. Сынак эмгектерин тандоо критерийлери

4.1. Сынак эмгектерин баалоонун негизги критерийлери:

4.1.1. Сүрөт сынагы: идеянын оригиналдуулугу, композициясы, түстөрдү шайкеш колдонуу, аткаруу техникасы, жалпы көркөмдүгү.

4.1.2. Эссе сынагы: Теманы ачып берүү, ойлорду логикалык жана ырааттуу билдирүү, кошумча материалдарды колдонуу, тыянактар.

4.1.3. Видеороликтер/репортаж сынагы: сынак материалдарынын берилген темага шайкештиги, чыгармачылыгы, идеянын оригиналдуулугу, сюжеттин бүтүндүгү, мазмундуулугу, оператордук эмгек, үн коштоо, монтаж жана керектүү маалыматты камтуу.

4.1.4. Сынактарга башка авторлордун эмгектеринин көчүрмөлөрү, автор жөнүндө толук эмес маалымат менен берилген материалдар, ошондой эле ар кандай социалдык топтордун өкүлдөрүнүн ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен, же зомбулук көрүнүштөрүн камтыган, курчап турган чөйрөгө жана экологияга зыян келтирген эмгектер кабыл алынбайт.

4.2. Бул Тартиптин талаптарына ылайык келбеген эмгектерге сынакка катышууга жол берилбейт жана формалдуу белгиси боюнча четке кагылат.

## Сынак комиссия

5.1. Сынак материалдарын төраганын 2022-жылдын 19-майындагы №2022-Пр-05/103-0 буйругу менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгын белгилөө боюнча иш-чаралар планынын аткарылышын координацияланган жумушчу комиссиянын (мындан ары-Комиссия) мүчөлөрү тарабынан каралат.

5.2. Комиссиянын отурумдары билдирмелерди кабыл алуу аяктагандан кийин өткөрүлөт жана Комиссиянын 2/3 кем эмес мүчөлөрү катышкан учурда гана өткөрүлүшү мүмкүн.

5.3. Чечим кабыл алуу Комиссия тарабынан добуш берүү жолу менен жүргүзүлөт, эгерде Комиссиянын катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүгү добуш берсе чечим кабыл алынды деп эсептелет.

5.4. Комиссиянын отуруму зарылдыгына жараша, Комиссиянын төрагасынын чечими боюнча өткөрүлөт.

5.5. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет.

**6. Сынактын жыйынтыгын чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

6.1. Сынактын жыйынтыгын Комиссия чыгарат:
- сүрөт сынагы – 2023-жылдын 10-майы;
- эссе сынагы – 2023-жылдын 24-октябры;
- видеоролик/репортаж сынагы - 2023-жылдын 25-ноябры.

6.2. Комиссиянын мүчөлөрү катышуучулардын сынакка тапшырган эмгектерин ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык аралыктан баалай алышат, ал тармактык папкага жайгаштырылат.

6.3. Жеңүүчүлөр сынак эмгектерин баалоонун жыйынтыгында топтолгон упайлардын саны боюнча аныкталат.

6.4. Бирдей упай топтогон катышуучулардын сынак эмгектери ачык добуш берүү жолу менен кайра бааланат. Комиссиянын ар бир мүчөсү ар бир талапкер үчүн бир гана добуш берүүгө укуктуу.

6.5. Ачык добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча добуштардын бирдей санына ылайык жеңүүчүнү аныктоого мүмкүн болбосо, төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

6.6. Ар бир номинация боюнча үч байгелүү орун белгиленет.

6.7. Сыйлык тапшыруу аземи жөнүндө маалымат, уюштуруу маселелери такталгандан кийин жарыяланат. Сыйлыктарды тапшыруунун алдын ала мөөнөттөрү төмөнкүдөй:
- сүрөт сынагы – 2023-жылдын 1-июну;
- эссе сынагы – 2023-жылдын 31-октябры;
- видеоролик/репортаж сынагы - 2023-жылдын 15-декабры.

6.8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы сынакка келген эмгектерди андан ары пайдалануу жана авторго милдеттүү түрдө шилтеме берүү менен жарыялоо укугун өзүнө калтырат.